**<u>ДОЛБООР</u>**

**УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН ДҮЙНӨЛҮК РЕЙТИНГДЕРИНЕ (QS) КИРҮҮ ЖОЛ КАРТАСЫ**
(3 ЖЫЛДЫК)
**Ош эл аралык медициналык университети**
Стратегиялык максат – университеттердин дүйнөлүк рейтингдерине (QS) кирүү.

**Милдеттер:**
1. ОММУнун брендин жайылтуу жана академиялык беделин көтөрүү.
2. Scopus жана WoS базасында индекстелген илимий макалалардын санын көбөйтүү.
3. Илимий макалалардын сапатын жакшыртуу жана ОММУнун илимий-метрикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу.
4. ОММУнун сайттарынын комплекси менен иштөө (индекстелген баракчалардын жана шилтемелердин санын көбөйтүү).
5. Билим берүүнү интернационалдаштыруу

Стратегиялык максатка жетүү милдеттерин ишке ашыруу үчүн аткарыла турган иш-аракеттердин деталдаштырылган планы:
1-милдет. Scopus жана WoS базасында индекстелген илимий макалалардын санын көбөйтүү.
3-милдет. Илимий макалалардын сапатын жакшыртуу жана ОММУнун илимийметрикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу.

ОММУнун окуу жана илимий иштер боюнча м.и.к., доцент Джумаев Р.М. жооптуу көзөмөл кылат.
Күтүлүүчү натыйжа: 2025-жылга Scopus базасындагы илимий макалалардын санын 75ге жеткирүү

Жалпы студенттер 1000;
Чет элдик студенттер 2000;
Окутуучулук- профессордук курам (ОПК) 200: жергиликтүү ОПК 95%; Чет өлкөлүк ОПК 5%.

| № | Иш-чаралар | Жооптуулар | Иш-аракеттердин этаптары | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Scopus илимий-метрикалык базасына жазылуу (подписка).** | Факультетин деканы, кафедра башчысы, илим-изилдөө бөлүмү. | 1. Өзгөчө статустагы университеттер ортосунда келишимдерди түзүү.<br>2. Elsevier уюму менен келишим түзүү. Тендерди өткөзүү. ОММУда Elsevier уюмуунун борборун ачуу.<br>3. ОММУ боюнча библиометриялык анализ жүргүзүү. | Scopus базасында ОММУнун илимпоздорунун илимий эмгектеринин санынын көбөйүшү. |
| 2 | **Профессордук-окутуучулук курамды жана илимий кызматкерлерди “Академиялык жазуу” курсуна окутуу (үйрөтүү)** | Факультетин деканы, кафедра башчысы, илим-изилдөө бөлүмү, жаш окумуштуулар кеңеши, студенттик илимий коом. | 1. 2022-2023 окуу жылы ичинде Академиялык жазууну үйрөтүү системасын иштепчыгуу жана аны дайыма колдонуу.<br>2. Эл аралык эксперттер өткөргөн семинарларга катышуу.<br>3. ОММУнун адистери тарабынан өткөрүлгөн семинарларга жаш окумуштуулар кеңешинин өкүлдөрүнүн, профессордук-окутуучулар курамынын үзгүлтүксүз катышуусу.<br>4. Факультетте эл аралык университеттердин рейтингдери, илимий-метрика жана академиялык жазуу боюнча бир катар семинарларды өткөрүү. | Scopus кирген журналга макала жаза ала тургандардын санын көбөйтүү, макалалардын сапатын жогорулатуу, цитаталарды тартуу. Академиялык жазуу көндүмдөрүн жогорулатуу, илимий басылмалардын санын көбөйтүү. Педагогикалык жамаатка эл аралык рейтингдер жөнүндө маалымат берүү, илимий-изилдөө ишине мотивациялоо, академиялык жазуу көндүмдөрүн жогорулатуу. |
| 3 | **ОММУнун сайтынын “Илим” баракчасы менен иштөө жана актуалдуу маалыматтар менен толтуруу** | Илимий-изилдөө бөлүмү, | сайтынын “Илим” баракчасынын мазмунун жаңылоо, эксперттердин баяндамаларын, видео жазууларын, видеосабактарды ж.б. жайгаштыруу. | Жамааттын, аспиранттардын жана студенттердин академиялык жазуу көндүмдөрүн жогорулатуу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | **ОММУнун илимий журналдарынын Scopus базасына каттоо жана киргизүү** | Факультеттин деканы, кафедра башчысы. | 2024 -2025-окуу жылына ОММУнун 5 илимий журналын Scopus базасына киргизүүгө жетишүү. | Scopus базасындагы ОММУнун илимий басылмаларынын санын жылына 50 документке көбөйтүүгө жетишүү. |
| 5 | **ОММУнун конференциясынын материалдарын Scopus жана WoS илимий-метрикалык базасына киргизүү** | Илимий-изилдөө бөлүмү, Факультеттин деканы, кафедра башчысы. | Конференциянын материалдарын Scopus жана Emerging Sources Citation Index Web of Science программасына киргизүү маселесин иштеп чыгуу | Жыйынтыгында цитаталардын санынын өсүшү, илимий-метрикалык көрсөткүчтөрдүн өсүшү. |
| 6 | **Бардык басылмаларды ОММУнун санариптик китепканасына жайгаштыруу.** | Факультеттин деканы, кафедра башчысы.<br>ОЦИТ, Китепкана жетекчиси. | 1. ОММУнун кызматкерлеринин бардык басылмаларын ОММУнун Электрондук китепканасына жайгаштыруу,<br>2. Аткарылышын көзөмөлдөөнү уюштуруу, жоопкерчиликти жүктөө, аткарылбаган учурда чара көрүү ж.б. | Интернетте жана Google Academy издөө системасында ОММУнун авторлору тарабынан жарыяланган документтердин санын көбөйүшү аларды башкаларга жакшыраак табууга<br>жана алар боюнча башка илимпоздор көбүрөөк цитаталарды жасоого мүмкүндүк берет, натыйжасында илимий-метрикалык параметрлердин өсүшүнө алып келет.<br>Башка сайттардан ОММУга шилтемелердин санын көбөйтүү. |
| 7 | **ORCID жана РИНЦ** | Илимий-изилдөө бөлүмү. | 1. Автордук профилдерди түзүү, толтуруу | ОММУнун илимий- |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **профилдерин түзүү. Авторлордун профильдерин түзүп, толуктап жана жаңыртып туруу.** | ОЦИТ, Факультеттин деканы, кафедра башчысы. | жана жаңыртуу.<br>2. Окутуучулардын электрондук өздүк баракчасындагы портфолио бөлүмүндөгү ResearcherID, ORCID, Scopus Author ID, РИНЦ, AuthorID, SPIN код, Researchgate.net профилдерине шилтемелерди кошуу.<br>3. ОММУнун бардык профессордук-окутуучулар курам жана илимий кызматкерлер тарабынан Orcid, РИНЦ профилдерин түзүү жана жеке профилдери жөнүндө маалыматтарды электрондук өздүк баракчаларына киргизүү. | метрикалык көрсөткүчтөрүн жакшыртуу. Цитирлөөнүн санын көбөйтүү, авторлордун илимий эмгектерин пропагандалоо жана кеңири жайылтуу |
| 8 | **Илимий макалаларды Scopus, WoS илимий-метрикалык базасына кирген журналдарга чыгарууну мотивациялоо.** | Илимий-изилдөө бөлүмү.<br>Пландоо-юридикалык бөлүмү.<br>ОЦИТ, Факультеттин деканы, кафедра башчысы. | 1. Академиялык шыктандыруу боюнча жоболорду бекитүү. Сый акылардын суммасын жыл сайын резервдөө.<br>2. Конкурстардын төмөнкү түрлөрүн киргизүү:<br>- эң жогорку цитирленген эмгектер боюнча;<br>- Импакт-фактору жогору журналга жарыяланган макалалар үчүн;<br>- жаш илимпоздордун Scopus илимий-метрикалык базасына чыккан алгачкы макаласы үчүн;<br>- Журналдардын квартилин эске алуу менен кошумча стимулдаштыруу;<br>3. чет элдик илимпоздор менен бирдикте илимий макалаларын жарыялоо үчүн стимулдарды жогорулатуу ж.б.у.с. | Илимий макалаларды Scopus, WoS илимий-метрикалык базасына кирген журналдарга чыгаруу мотивациясы жогорулайт. |
| 9 | **ОММУнун** | Илимий-изилдөө бөлүмү. | 1. ОММУнун | Дүйнөнүн алдыңкы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **окумуштуулары менен тышкы илимий мектептер изилдөөлөрдү биргеликте жүргүзүү үчүн гранттык системаны өнүктүрүү.** | Пландоо-юридикалык бөлүмү.<br>ОЦИТ, Факультеттин деканы, кафедра башчысы. | 2. стимул берүүчү гранттары аркылуу долбоорлорду тандоо жана каржылоону өнүктүрүү.<br>3. Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган илимий долбоорлорго катышуу.<br>4. Эл аралык командаларды түзүү жана чет элдик гранттарды тартуу.<br>5. Дүйнөнүн алдыңкы окумуштууларын иштөөгө же жеке изилдөөлөрдү жүргүзүүгө тартуу, биргелешкен илимий макалаларды жарыялоо жана илимий коллаборацияларды түзүү. | окумуштууларын ОММУда иштөөгө же биргеликте изилдөөлөрдү жүргүзүүгө тартуу, биргелешкен илимий макалаларды жарыялоо. |